ЭРНИС ТУРСУНОВ БАСЫП ЖҮРГӨН ЭНЦИКЛОПЕДИЯ БОЛЧУ

9-БЕТТЕ

МОЛДОВА КИМДИ КОЛДОЙТ?

Молдовада 1-ноябрда өткөн президенттик шайлоодо эски атаандаштар - Россияга ыктаган учурдагы Президент Игорь Додон шайлоочулардын 32,66, батышчыл саясатчы Майя Санду 36,1 пайыз добушун алып, экинчи айлампага өтүштү. 2016-жылкы шайлоодо Додон экинчи айлампада Сандуну жеңип алган. Бул ирет эл кимди колдоор экен?

ГРУЗИЯДА «ГРУЗИН КЫЯЛЫ» ПАРТИЯСЫ ОЗДУ

31-октябрда Грузияда кезектеги парламенттик шайлоо өттү. Ага 50 саясий партия катышты. 2012-жылдан бери бийликте келе жаткан «Грузин кыялы» партиясы 48,1 пайыз добуш менен алдыга чыкты.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№91 (3163)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 3-ноябры

Садыр ЖАПАРОВ:

"БАТКЕН ОБЛУСУНА ӨЗГӨЧӨ КӨҢҮЛ БУРУУГА МИЛДЕТТҮҮБҮЗ"

Президенттин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров 2-4- ноябрь күндөрү Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарын кыдырат. Түштүккө болгон алгачкы иш сапары кечээ Баткен облусунан башталды

2-БЕТТЕ

«ШАМБАЛА» ТАСМАСЫ ИНДИЯДАГЫ КИНОФЕСТИВАЛГА ЖӨНӨДҮ

Режиссёр Артык Сүйүндүков тарткан «Шамбала» тасмасы 5–12-ноябрь күндөрү Индиянын Калькутта шаарында өтчү эл аралык кинофестивалда көрсөтүлөт. Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинин негизинде тартылган тасма жакында эле Россияда өткөн «Киношок» эл аралык фестивалында сыйлыкка татыган.

“Эркин Тоо”

– эгемендүү доордун гезити

2021-ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ 6 АЙЫНА ЖАЗЫЛУУ БАШТАЛДЫ.

Баасы накталай төлөм – 1123,14 сом,
которуу аркылуу – 1103,44 сом.

“Нормативдик актылар” журналына жазылуу баасы:
накталай – 1480,19 сом,
которуу аркылуу – 1454,22 сом.

КРнын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр ЖАПАРОВ:

“БАТКЕН ОБЛУСУ – МЕНИН КӨҢҮЛҮМДҮН ЧОРДОНУНДА”

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров 2-ноябрда Баткен облусунда жумушчу иш сапары менен болду. Алгач Баткен районунун Ак-Сай айылындагы жаңы насостук бекеттин курулушу менен таанышты.

Бул сугат суусу менен камсыз кыла турган объектинин курулушу ушул жылы башталып, 2021-жылдын сугат мезгилине чейин пайдалануу берүү пландалган.

Президенттин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров тийиштүү органдарга курулуш иштерин тездетүү тапшырмасын берди.

«Сугат суу маселесин чечүү менен жөнөкөй жарандардын жашоо шартынын жакшырышына шарт түзүлүп, айыл чарбасын өнүктүрүүгө да негиз болот. Ирригация тутумун жакшыртуу жана аларды модернизациялоо азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууну шарттайт. Ошондуктан калкты сугат суусу менен камсыз кылуу биздин артыкчылыктуу багытыбыз», - деди Садыр Жапаров.

Учурда насостук станциянын курулушу 85%га бүткөрүлгөн. Курулуш бүтсө 140 гектар жаңы сугат жери өздөштүрүлүп, мындан тышкары учурда пайдаланылып жаткан 290 гектар жерди сугат суу менен камсыз кылуунун көрсөткүчү жогорулайт. Мындан тышкары 500дөн ашык жаңы жумуш оруну түзүлмөкчү.

КРнын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров андан ары Көк-Таш – Тамдык жана Ак-Сай – Рават автожолдорунун курулушу менен таанышты.

Бул Көк-Таш – Ак-Сай – Тамдык автожолунун жалпы узундугу 25 чакырымды түзөт. Анын 23,5 километри салынып бүттү.

Жолдун курулушун көрүп чыккан Садыр Жапаров бул каттамдын чектеш аймак үчүн өзгөчө мааниге ээ экендигин белгиледи. Анткени, жол пайдалануу берилсе Лейлек районуна, Сүлүктү шаарына, Баткен районунун Самаркандек, Ак-Татыр айыл аймактарына Тажикстан Республикасынын аймагын айланып өтүүчү көз карандысыз автоунаа жолу болот.

Президенттин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров Ак-Сай жана Капчыгай айылдарын байланыштырган көпүрөнүн курулушун да көрүп чыкты.

Баткен элинин жашоо-шарты, чек арадагы каармандыгы өзгөчө көңүл бурууну талап кылаарын белгилеген Садыр Жапаров: «Элдин жашоосу, чоңдордун бул аймакка дээрлик аз келиши, бүтпөгөн чек ара чырлары – менин көңүл чордонумда дайыма турат. Баткен – Кыргызстандын картасындагы эң алыскы жана эки мамлекет менен чектешкен саясий стратегиялык аймак. Ошондуктан мамлекеттик чек аранын сакталышы үчүн Баткен облусуна өзгөчө көңүл бурууга милдеттүүбүз», - деди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров Баткен облусунун активи менен да жолугушту.

КЫРГЫЗ ЭЛИ ТҮРК ЭЛИНИН АЗАСЫН ТЕҢ БӨЛҮШӨТ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайип Эрдоганга Измир аймагында жер титирөө менен цунаминин кесепетинен болгон адамдардын курмандыктары жана ири кыйроолорго байланыштуу көңүл айтты.

Көңүл айтууда: «Измир аймагында жер титирөө менен цунамиден кийин адамдардын курмандыктары жана ири кыйроолор болду деген суук кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Кыргызстан элинин атынан жана жеке өзүмдүн атымдан жалпы түрк элине терең кайгыруу менен көңүл айтам жана курман болгондордун үйбүлөлөрүнө, жакындарына аза кайгысын тең бөлүшөм, жабыркагандардын тезирээк сакайып кетишин каалайм», - деп айтылат.

МАДАНИЯТ – ТУРМУШ КҮЗГҮЗҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров 2-ноябрда маданият жана искусство ишмерлерин кесиптик майрамы — Маданият кызматкерлеринин күнү менен куттуктады.

Куттуктоодо: «Мамлекетибиз эгемендүүлүктү алгандан тартып, элибизге бакыттын дөөлөтү конуп, кыска мөөнөттүн ичинде жакшы ийгиликтерге жетиштик. Эгемендүүлүктү алгандан кийин 1995-жылы 2-ноябрь - маданият кызматкерлеринин күнү деп кабыл алынып, бүгүн маданият жана көркөм өнөр кызматкерлеринин кесиптик майрамынын даталуу күнү — 25 жылдык мааракеси белгиленип жатат.

Маданият — турмуштун күзгүсү демекчи, көркөм өнөр жана маданият ишмерлери коомдо улуттун сыймыгы болуп келген. Алар кайсы гана доор болбосун саясий-идеологиялык абалга көз каранды болбой, ачык-айкын ой-пикирлерин айтышып, таамай сүйлөп, улуттук сапатыбызды, адеп-ахлактуулукту көрсөтүп келишкен. Себеби, көркөм-өнөр жана маданият чөйрөсү ар бир өлкөнүн экономикасынын жана саясатынын түркүгү болуп саналат. Маданият жөнүндө сөз кылуу — бул биринчи кезекте улут жөнүндө сөз кылуу, маданиятсыз улут болбогондой эле, улутсуз маданият болбойт. Сиздерге театр, кино, сүрөт, музыка жана жалпы маданият жаатында жаңы табылгалар менен улуттук маданиятты өнүктүрүп жатканыңыздар үчүн терең ыраазычылык билдирем», - деп айтылат.

ЭКИ ӨЛКӨНҮН ДОСТУК ТАМЫРЫ ТЕРЕҢДЕ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров 30-октябрда Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Ду Дэвэнди кабыл алды.

Кытай менен кызматташуу Кыргызстандын тышкы саясатындагы негизги артыкчылыктуу багыттардын бири. Ошондуктан, буга чейин кол коюлган бардык иш-аракеттер толугу менен так аткарылат. КРнын Президентинин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров Кытай Эл Республикасы коронавирус инфекциясына каршы күрөшүүдө Кыргызстанга биринчилерден болуп колдоо көрсөтүп жаткандыгы үчүн ыраазычылыгын айтты.

Кытай Өкмөтүнүн атынан Садыр Жапаровду Кыргыз Республикасынын Премьер-министри кызматына дайындалышы менен куттуктаган элчи Ду Дэвэнь эки өлкөнүн элинин достук мамилесинин тамыры байыркы Улуу Жибек Жолу мезгилине барып таканаарын айтып, Кытай тарап ар дайым жардам берүүгө даяр экендигин билдирди. Андан сырткары өлкөдө иштеп жаткан кытайлык компаниялардын жана ишканалардын коопсуздугун камсыз кылуу маселесин да көтөрдү. КРнын Президентинин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров инвесторлордун коопсуздугу ар дайым мамлекет тарабынан ишенимдүү корголоору тууралуу айтты.

"Сентябрдын башынан тартып" Торугарт“ көзөмөл-өткөрүү пунктунун иштеп башташы кытай элинин кыргыз элине карата болгон жакшы мамилесин тастыктайт. Бирок, пандемиядан улам өлкөлөр жаңы шарттарга көнүшү керек. Бул техникалык гана мүнөздө болот. Анткени, карантиндин талаптары өтө жогору», — деди Ду Дэвэнь.

АР БИР КАДР ӨЛКӨГӨ ПАЙДА АЛЫП КЕЛИШИ КЕРЕК

КРнын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров 30-октябрда КРнын Мамлекеттик кадр кызматынын директору Абдырахман Маматалиевди кабыл алды.

Жолугушууда Абдырахман Маматалиев мамлекеттик кызматтагы кадрларды тандоо жана аларды дайындоого байланыштуу көйгөйлөр тууралуу маалымат берди. Болжол менен 1200 кызмат ордуна сынакты кыйгап өтүү аркылуу дайындалуу жүргүзүлгөндүктөн коррупция үчүн жагымдуу шарттар түзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров 30 жылдан бери өлкө кадрдык баш аламандыкка малынып, кызмат орундарга адистер кесипкөйлүк талаптарга ылайык эмес, тууганчылык жана партиялык квота принциби боюнча дайындалып келгендигин, эми мамлекеттик башкаруу тутумун заманбап технологияларды пайдалануу аркылуу ачык-айкындуулук принциптеринин негизинде толугу менен кайрадан түзүү милдети тургандыгын белгиледи. «Биз министрлик жана ведомстволордун санын кыскартууга баруубуз керек. Алган билим жана тажрыйба ээлеген кызматына толугу менен дал келүүсү тийиш. Ар бири өз ордуна отуруп, өлкөгө пайда алып келиши зарыл», - деди Садыр Жапаров.

Жолугушуунун соңунда Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаров Мамлекеттик кадр кызматынын директоруна кадрдык реформа боюнча конкреттүү иш-чаралардын долбоорун иштеп чыгуу жана мамлекеттик башкарууну оптималдаштыруу планын сунуштоо тапшырмасын берди.

“БИРДИКТҮҮ ТЕРЕЗЕ” ТУТУМУН БАРДЫК АЙМАКТАРГА ЖАЙЫЛТУУ ЗАРЫЛ

КРнын Биринчи вице-премьер-министри Артем Новиков 31-октябрда Мамлекеттик салык кызматынын үстүбүздөгү жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча өткөргөн коллегиялык жыйынынын ишине катышты.

Биринчи вице-премьер-министр салык кызматы тарабынан болжолдуу көрсөткүчтөрдү аткаруу боюнча кабыл алынып жаткан күч-аракеттерге оң баасын берүү менен бир катар кемчиликтерин да белгиледи. Мамлекеттик салык кызматы «жазалоочу органдын» образынан кайтып, калк жана бизнес үчүн тейлөө көрсөтүүчү органга айланышы керек. Мамлекеттин учурдагы бардык чыгымдарын жабуу салыктык кирешелердин эсебинен ишке ашырылып, ал эми тышкы жардамдар өлкө экономикасын өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Аталган милдет биринчи кезекте салык кызматына жүктөлөт.

Андан соң, «Смарт Салым» долбоорун ишке ашыруу алкагында Биринчи вице-премьер-министр Артем Новиков Бишкек шаарындагы Биринчи Май жана Свердлов райондорунун салык органдарындагы «Бирдиктүү терезе» модернизацияланган тутумунун иши менен таанышып чыкты. Аталган тутум заманбап санариптик чечимдерди пайдалануу менен салык органдарынын жана салык төлөөчүлөрдүн өз ара аракеттешүүсүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн форматын камсыздоого багытталган. Артем Новиков аталган «Бирдиктүү терезе» тутумун республиканын бардык аймактарында жайылтуу зарылдыгын белгилеп, жылдын аягына чейин салык төлөөчүлөрдү тейлөөчү бирдиктүү көп функционалдуу борборду ишке киргизүүнү тездетүү тапшырмасын берди.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Ысык-көл

ОБЛУСТА – ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаровдун 2020-жылдын 30-октябрындагы Буйругу менен КР Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлү кызматына бага чейин Ыйгарым укуктуу өкүлдүн биринчи орун басары кызматын аркалап келген Элчибек Нуржадыевич Джантаев дайындалды.

Жаңы жетекчини өрөөндүн коомчулук өкүлдөрүнө кечээ, 2-ноябрда КР вице-премьер-министри Максат Мамытканов жана КР маданият, маалымат жана туризм министри Нуржигит Кадырбеков тааныштырды.

М.Мамытканов облустун жаңы жетекчисинин талапкерлиги Өкмөттө кылдат «электен» өткөрүлүп, Э.Джантаевдин буга чейинки кызматтардагы алгылыктуу иш-аракеттери, ошондой эле өрөөндүн коомчулук өкүлдөрүнүн ой-пикирлери эске алынгандыгын белгилеп, учурдагы оор сыноолор убагында ал жоопкерчиликтүү милдеттерди ойдогудай алып кетээрине ишенгендигин билдирди.

Ысык-Көл өрөөнү эзелтеден эле жалпы кыргыз элинин маданий да, адабий да уюткусу болуп келгендигин эске салган Н.Кадырбеков жаңы жетекчиге маданият тармагына да олуттуу көңүл буруусун өтүндү.

Ардагерлердин облустук кеңешинин төрагасы Жаныш Жээнбаев, облустагы ишкерлер ассоциациясынын төрайымы Азиза Мамбетказиева, ардагерлердин Жети-Өгүз жана Түп райондук кеңештеринин төрагалары Турдубек Ишебаев жана Адыл Алдаяров өрөөн коомчулугунун ой-пикирлери жаңы Өкмөт тарабынан эске алынып, облус жетекчилигине иш дегенде ичкен ашын жерге койгон, аракетчил, калыс жетекчинин талапкерлигин жактыргандыгына ыраазычылыктарын билдиришип, жаңы жетекчиге ак баталарын беришти.

Эгемберди САДАБАЕВ,
өз кабарчы

Улуттук диалог

КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМА – МЕЗГИЛДИН, ЭЛДИН ТАЛАБЫ

Конституцияны реформалоо маселеси жаатында коомчулукта чоң талаш-тартыш жаралды. Бул багытта ар түрдүү көз караштар айтылууда. Ошондуктан чукул Конституциялык реформа эмнеге алып келет, дегеле, мындай реформалар керекпи, кандай артыкчылыктары жана тобокелдиктери бар деген суроолордун тегерегиндеги маселелерди талкуулоого арналган “Улуттук диалог” аянтчасы коомдук ишмер Турсунбек Акундун жетекчилиги менен 31-октябрда өттү. Иш-чарага белгилүү саясатчылар жана эксперттер Феликс Кулов, Турсунбек Акун, Игорь Шестаков, Табылды Акеров, Шамшыбек Медетбеков жана саясий партиялардын лидерлери, КРнын вице-премьер-министри Максат Мамытканов жана башкалар катышты.

Диалог аянтчасында шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам, парламенттин легитимдүүлүгү, Садыр Жапаровдун алдыдагы Президенттик шайлоого катышуу тууралуу каалоосу жана андай учурда президенттин м.а. жана премьер-министр ким болот деген маселелер талкууланды.

Алсак, мурунку премьер-министр Феликс Кулов президенттин милдетин аткаруу маселесине токтолду. “Конституцияга таянсак, мөөнөтүнөн мурда Президент отставкага кетсе, ордуна Парламенттин төрагасы келет. Кандайдыр бир себептер менен спикер аткарбаса, Президенттин милдетин аткарууга Премьер-министр же анын милдетин аткаруучу гана иштейт”, - деген коомдук ишмер шайлоо, АСУ системаларын да айтып өттү. Феликс Куловдун айтымында, мамлекет экономикалык кыйынчылыкка кептелип турганда өлкөдө туруктуулук орнобосо инвестиция тартуу кыйынга турат. Инвесторлор менен сүйлөшүүлөрдө өлкөдөгү абал тоскоол болгондугуна токтолду.

Талкуулоонун жүрүшүндө элге башкаруунун кандай формасында жашоону каалай тургандыгын өзү тандап алууга мүмкүнчүлүк берүү, реформа керек экендигин Шамшыбек Медетбеков айтып өттү.

«Эгерде азыркы Конституцияны кабыл алсак, анда бул элдин көйгөйүн чечет. Башкаруунун кандай формасын каалай тургандыгын эл өзү тандайт. Конституция бийликке эмес, элге иштеши керек», - деген коомдук ишмер Шамшыбек Медетбеков паспорттогу улуту графасын кайтаруу маселесин да көтөрдү.

Ал эми саясат таануучу Табылды Акеровдун айтымында, Кыргызстандын келечегин эмес, партиянын келечегин ойлогон саясатчылар жок эмес. Кайсыл бир кызматтарга баруу ачык эле көрүндү. “Конституцияны өзгөрткөндө менталитетке караш керек. Азыркы бийлик коомчулукка тынчтыкты, туруктуулукту камсыздай турган кадамдарга барышы керек”, - деди саясат таануучу.

Диалог аянтчасынын катышуучусу коомдук ишмер Жылдызбек Турганов бюджеттин тартыштыгына, люстрация маселесине, жакшы иштегендерди алмаштыруунун кажети жоктугуна токтолду. "Ар бир Президент келгенде өз оюн элге таңуулаганы туура эмес. Жогорку Кеңешке шайлоону токтотуп, Президенттик шайлоого барганы жатабыз. Конституциянын жаңы долбоору боюнча референдум кылууда элдин талкуусуна 6 ай коюлушу керек. Буга чейин 9 жолу өзгөртүлдү. Конституция элдин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылабы же Президенткеби? Өздөрүнө ыңгайлаштыра бергендери да туура эмес", - деп өз оюн билдирди коомдук ишмер Жылдызбек Турганов.

Конституциялык реформа – бул мезгилдин жана элдин талабы. Бул тууралуу Конституциялык реформаны талкуулаган тегерек столдун жүрүшүндө КРнын вице-премьер-министри Максат Мамытканов билдирди. Анын айтымында, элдин алдында чоң тандоо турат.

«Кыргызстан президенттик да, парламенттик да башкарууну көрдү. Биз элге тандоо мүмкүнчүлүгүн беришибиз керек. Дал ушул Конституция бизди азыркы күнгө алып келди. Конституциялык реформа – элдин талабы. Таза шайлоо да элдин талабы. Эл тандайт, ошондуктан бүгүн референдумга баруу керектигин айттык», - деди вице-премьер-министр М.Мамытканов.

Тегерек столдогу саясатчылардын, коомдук ишмерлердин кызуу талкуусунан кийин “Кыргызстанда Конституциялык реформа жүргүзүлсүн” деген резолюция кабыл алынды.

Асел БАРЫКТАБАСОВА

Маалымат жыйыны

ЖЕР КАЗЫНАЛАРЫ ТУУРАЛУУ МЫЙЗАМГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КИРГИЗИЛЕТ

КРнын Өнөр жай, энергетика жана жер казыналарын пайдалануу мамлекеттик комитетинин төрагасы Жыргалбек Сагынбаев 2-ноябрда журналисттерге маалымат жыйын өткөрүп, өлкөнүн кышка даярдыгы, 6-7-октябрда болгон башаламандыктын айынан жабыркаган кен казуучу ишканаларга тартылган инвесторлордун ишмердүүлүгү, коопсуздугу жана жер казыналары тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилээри тууралуу билдирди.

“Өткөн жумада Бишкек ЖЭБде автоматтык система иштеп кетип, андан кийин буу чыккаңы шаардыктарды түйшөлттү. Окуянын себеби – кабелдин үзүлүшү. Анын айынан саналуу мүнөттөргө өчүрүлгөн. Монтаж жасаган жооптуу компаниялар кабелди текшеришип, мүчүлүштүктөр жоюлду. Ал эми ЖЭБ күз-кыш мезгилине толугу менен даяр. Келишим түзүлгөн тараптар отун менен үзгүлтүксүз камсыздашат. Тагыраагы, Кара-Кечеден жана Казакстандан келет. Автоунаалар менен ташылып келген көмүр дайыма кымбат. Борборго темир жол менен көмүр ташысак, жарандарга бир топ арзанга түшмөк. Аракет кылып Балыкчыдан Кара-Кечеге темир жол курулса, экология тазарып, көмүрдүн баасы арзандамак”, - деди төрага Жыргалбек Сагынбаев. Анын айтымында, келерки жумада Кыргызстандын түштүгүнө иш сапары пландалууда. Ош ЖЭБинин кыш мезгилине даярдыгы менен таанышат.

Мындан сырткары, жер казыналары тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилээрин Жыргалбек Сагынбаев билдирди. “Мыйзамга тоо-кен ишканаларында кызматкерлердин 90%ы жергиликтүү тургундар, 10%ын чет элдик жумушчулар түзүш керек деген өзгөртүүнү киргизүү пландалууда. Ошондой эле эл керектөөчү товарлардын 80-85%ы Кыргызстанда сатып алынышы керек деген өзгөртүү киргизилет. Тактап айтканда, инвесторлор калем сапты да чет өлкөдөн алып келишет. Керектүү буюмдардын баары бул жактан алынсын, Кыргызстанда жок болсо чет өлкөдөн алынсын деген маселе коюлууда. Бул боюнча КРнын Бажы кызматы менен иш алып барып жатабыз”, - деди Жыргалбек Сагынбаев. Анын айтымында, комитет кен жана концентраттарды өлкөдөн чыгарууга тыюу салуу тууралуу мыйзамды демилгелөөдө. Кен жана концентраттар Кыргызстанда иштетилиши керек. Дүйнөнүн эч бир жеринде андай чийки заттарды өлкөдөн алып чыкпайт. Бирок ал үчүн тиешелүү шарттарды түзүү керек. Маселен, лаборатория ачуу, кайра иштетүүчү ишканалар көп болушу зарыл. Кенди алып чыгууга тыюу салуу үчүн тиешелүү мыйзам долбоорун демилгелеп, аны Жогорку Кеңеште бекитүү керек.

Жыргалбек Сагынбаев кен казуучу компаниялардагы нааразычылыктарга жана цианид өнүккөн өлкөлөрдө колдонулаарына да токтолду.

“Жер-жерлердеги нааразычылыктар эки нерседен жаралды. Биринчиден, тоо-кен компанияларында ар кандай мыйзам бузуулар менен иштен четтетилген адамдардын нааразычылыгы жаралган. Экинчиден, цианидди колдонбойлу деген маселе көтөрүшкөн. Дүйнөдө өнүккөн өлкөлөр кен казуу иштеринде цианидди пайдаланышат. Ошол эле Япония, Канада, АКШ өлкөлөрү колдонушат. Болгону зыян алып келбөө шарттары да жазылган. Бул боюнча кен казуу компаниясынын жумушчуларына жана эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөбүз. Келерки жумадагы иш сапарымда ушул маселелердин тегерегинде элдин суроолоруна жооп берүүгө даярмын”, - деди төрага Ж.Сагынбаев.

Жер-жерлерде кен казуучу ишканалардагы өрттүн чыгышын алдын алууга жана инвесторлордун ишине да токтолду.

“Жалал-Абад облусундагы кен казуучу ишканада атайылап өрттөө болгон эмес. Биз компаниянын жетекчилиги менен жолугуштук. Ишканада өрт ширетүү иштеринин айынан чыккандыгын кабарлады", - деген Жыргалбек Сагынбаев кен казуучу компанияларды иштетүү үчүн сырткы инвесторлорду тартууга, ишти баштоолоруна кеминде 3 жылдай убакыт кетээрине токтолду.

“Бүгүн тоо-кен тармагындагы сырткы инвесторлор Кыргызстандын рыногун таштап кетишпей тургандыгын алар менен болгон жолугушууларда билдиришкен. Инвесторлор Кыргызстандагы толкундоолорду түшүнүү менен кабыл алышты. Эч ким сотко кайрылган жок. Алар мамлекет тарабынан корголгон. Инвесторлордун кызыкчылыктарын укук коргоо органдары жана жергиликтүү бийлик коргойт. Болгону алардан түшкөн салыктардан пособие, пенсиялар төлөнөөрүн жергиликтүү калк түшүнүүлөрү керек”, - деди.

Асел БАРЫКТАБАСОВА

Көз караш

БАРДЫК ЖОЛДОР МОСКВАГА АЛЫП БАРАТ

Кайсы гана өлкөдө болбосун бийлик алмашканда же жаңы Президент шайланганда сөзсүз түрдө ал биринчи чет өлкөгө иш сапарын кайсы өлкөгө жасаары дүйнөлүк коомчулуктун назарында болуп турат. Себеби, мындай кадам кайсы мамлекет менен болгон мамилебизге зор саясий маани бериле тургандыгын тастыктоо менен эки тараптуу мамилелер мындан ары да тереңдеп өнүгөөрүндө чоң мааниге ээ болот. Ушул өңүттөн алып караганда 4-октябрдагы парламенттик шайлоолордон кийинки анын жыйынтыктарына нааразы болушкан калың эл митингге чыгып, Ак үйдү басып алуу менен эски бийликти эңшерип түшүп, жаңычыл жаңы күчтөрдүн жеңиши менен аяктагандан кийин өлкөбүз жай турмуш агымына кирген соң ички жана тышкы мамилелерди кайрадан оң жолго салуу, эл аралык алакаларды жандандыруу жана ишенимге жетишүү маселеси күн тартибине коюлуп олтурат. Ошондо, биринчи кезекте кайсы өлкөлөргө кол сунуп, колдоолоруна ээ болуу керектигин туура баамдап-туюп, алгачкы кадамдарды жасоо вазийпасы алдыда турду. Албетте, тышкы саясатта Кыргызстан үчүн Россиянын опол тоодой орду бар экендигин эч ким жокко чыгара албайт. Анүстүнө, ШКУ, ЕАЭБ, ЖККУ сыяктуу уюмдарга мүчө экендигибиз да Россия менен болгон мамилелерибизде орчундуу мааниге ээ болуп турат. Ошондой эле соода-экономикалык байланыштарыбыздын зор бөлүгү да аталган өлкөгө туура келет. Мындан сырткары, ал жакта биздин бир миллионго жакын мекендештерибиз эмгек мигранттары катарында жашап-иштеп жүрүшөт. Мына ушундай көптөгөн саясий-экономикалык себеп-шарттардан улам жаңы бийлик да Россия менен болгон эки тараптуу мамилелерибиздин мындан аркы тагдырынын, келечек багыттарынын чоо-жайын иликтеп-бышыктап, алдыда дагы кандай кадамдарды жасообуз керектигин билүү үчүн россиялык тараптын тамырын тартып көрүүнүн зарылдыгы келип чыгып олтурат. Ошондуктан, өткөн жумада өлкөбүздүн Тышкы иштер министри Руслан Казакбаев Россияга иш сапары менен барып, кесиптеши, Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров, ошондой эле Президенттик Администрациянын башка жооптуу адамдары менен бир катар жолугушууларды өткөрдү. Бул анын ушул кызматка дайындалгандан кийинки чет өлкөгө жасаган биринчи расмий сапары болгондугу менен символикалуу мааниге ээ экендигин да айтпай кетүүгө болбойт. “Бардык жолдор Римге алып барат” дегендей Кыргызстандын жаңы бийлик жетекчилеринин чет өлкөлөргө жасаган биринчи чыгуулары дайыма Россиядан башат алып келгендигине күбө болуп эле жүрөбүз. Бул жолу да ошол салт сакталып, Россия менен болуучу мамилелерибизди аныктап-тактап алгандан кийин башка өлкөлөр менен кызматташууларыбыздын багыт-нугу аныкболуп калаары бышык. Себеби, Россия биздин мамлекетибиздин негизги стратегиялык өнөктөшү болуп саналат.

КРнын тышкы иштер министринин тышкы саясаттагы биринчи кадамын Москвадан баштагандыгы Россия менен мамилебизди чыңдоого жана өнүктүрүүгө абдан кызыкдар экендигибизди, мурда кабыл алынган бардык келишим, макулдашуу, милдеттенмелерибиз күчүндө кала берээрин, эки өлкөнүн өз ара аракеттешүүсү өзгөрбөй тургандыгын ал өлкөнүн жетекчилигине жеткирүү вазийпасын да аркалагандыгын айгинелеп турат. Ошол эле учурда Кыргызстан да Россия үчүн өтө керектүү жана Борбор Азия чөлкөмүндө, ошондой эле эл аралык көп тараптуу мамилелерде өз орду жана үнү бар татыктуу өнөктөш экендигин да эстен чыгарбашыбыз керек. Ошол себептүү, Р.Казакбаев эки тараптуу достук жана кызматташтык мамилелерди жаңы деңгээлге көтөрүүгө умтулуубузду ачыктап келди десек да болот.

Москвага жасалган бул иш сапардын дагы бир маанилүү максаты Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаровдун ушул кызматтарды аркалагандан кийинки биринчи тышка жасоочу расмий иш сапарын бизге дос өлкө катары Россиядан баштоо мүмкүнчүлүктөрүн караштырып көрүүдө тургандыгын белгилеп кетүүбүз керек. Албетте, бул иш сапардын жыйынтыгы кандай макулдашууларга алып келгендигин мындан кийинки окуялардын жүрүшү тастыктаар деп ойлойбуз. Чындыгында, башка өлкөлөргө деле иш сапар менен барып келүүгө болот. Бирок, Кыргызстан үчүн алгачкы кадамды Россиядан баштоо келечектен көптү үмүттөндүрүп, өлкөбүздүн тынчтыкта жана коопсуз шартта өсүп-өнүгүүсүндө бекем пайдубал болуп берээри анык. Себеби, бүгүнкү күндөгү саат сайын өзгөрүлүп турган тынчы жок дүйнөдө баасы баа жеткис стратегиялык өнөктөштүктүн сөз жүзүндө калбай, иш жүзүндө бекемделишине багыт алуу эки тарапка тең пайда гана алып келээрин унутпашыбыз керек.

Таалайбек ТЕМИРОВ

Күрөш күчөп баратат

МАМЛЕКЕТТИ МИЛЛИОНДОП ТОНОГОНДОР ЖАЗАСЫЗ КАЛБАЙТ

Кыргызстан эгемендик алган 29 жыл ичинде кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалангандардын армиясы көбөйгөн жана коррупцияны күнүмдүк жашоо турмушуна сиңирип алып, аны мыйзамдуу көрүп, көнүп алгандар толтура. Мурдагылар түзгөн коррупциялык схемаларды кийинкилер уланта беришкен. Октябрдагы элдик жеңиштин шарданы менен жаңы бийлик келип, бийлик түзүмдөрүнүн көптөгөн жетекчилери алмашып жатат. Өзгөчө коррупция, эл ишениминен кетүү, алдамчылык, кызмат орундарды сатуу деген жаман адаттан уят болгондор көп. Жаңы бийликтин жаңы талабы – коррупцияны токтотуу, чет жерден келген инвесторлордон пайыз талап кылбоо, жетекчилик кызмат орундарын соодалабоо. Мындай күрөштүн күчүнө ишенбей, четте карап тургандар да бар. Карап эле турбай, сындап, ушактап, демократия деп делөөрүгөн сөздөрүн дембе-дем кайталоодон тажаша элек. Жөнөкөй жаран эмес, генералдык чини бар аксакал жашына келгендер да жасалып жаткан иштерге кеңеш, жардам берүүгө жарабай, эл алдында жамандап калууга жанталашып, коррупцияга каршы күрөштү шоу деди.

Ал эми түрмөлөрдө эл айткандай, мамлекетти талап-тоногондор эмес, бир телефон, бир тоок уурдагандар соттолуп, отуруп калышкан. Коррупцияга каршы күрөштүн акыркы бир жумадагы жасалып жаткан иштерине саресеп салып көрөлү.

28-октябрда Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү кызматы (Финпол) сот өкүлчүлүктөрү борборунун директорун кармады. Алардын басма сөз кызматынын маалыматына таянсак, Сот өкүлчүлүктөрү борбору менен Финансы министрлигинин жооптуу кызматкерлеринин мыйзамсыз иш-аракеттеринин натыйжасында мамлекеттик бюджетке өзгөчө ири өлчөмдө – 12 миллион доллардан (1 миллиард сомго жакын) ашык зыян келтирилгендиги аныкталды. Кызмат абалынан кыянат пайдаланган мекеме башчысы азыр сурак берүүдө.

28-октябрдагы УКМКнын маалыматы боюнча ИИМдин Жол кыймылы коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын жетекчисинин орун басары кармалды. Маалыматка караганда, ЖККББнын жетекчилик кызматтагы адамдары сый акы алганы боюнча коррупциялык схема түзгөнү аныкталган. Бишкекте түзүлгөн Кайгуул күзөт милициясына адамдарды жумушка алууда жана милиционерлерди кызматынан кетөрүүдө пара алып турушкан. Шектүү жетекчи УКМКнын тергөө абагына киргизилип, ага карата Кылмыш-жаза кодексинин 325-беренеси ("Пара алуу") боюнча сотко чейинки өндүрүш башталды.

28-октябрда УКМК тарабынан Бишкек шаардык дене тарбия жана спорт башкармалыгынын мурдагы башчысы Даулет Досалиев кармалды. Ал 2019-жылдагы спорттук иш-чаралардын планына ылайык, спортчуларды окуу-машыгуу жана калыбына келтирүү жыйындарына жөнөтүү жөнүндө буйруктарды айрым жоопкерчиликтүү адамдар менен сүйлөшүп алып, жасалма документ түзүп, ири өлчөмдөгү бюджеттик каражаттарды кымырып турган. Андан сырткары, спорттук иш-чараларга баруу, спортчуларды транспорт менен ташуу, жашагандыгы, тамактануу боюнча жасалма финансылык отчеттор толтурулганы аныкталды. Эң жаманы, тренердик курам жана спортчулар жылына Бишкек мэриясынан акчалар бөлүнүп тургандыгы жөнүндө билишкен эмес. Спорттун өнүгүүсүнө спорт жетекчисинин өзү бут тосуп, мамлекет көрсөтүп жаткан колдоону жокко чыгарып тургандыгы – бери дегенде бетпактык. Досалиевге дагы “Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу”, “Ишенип берилген мүлктү өзүмдүк кылуу” беренелери менен кылмыш иштери козголду. Ал СИЗО-1ге 2 айга камакка алынды.

Башкы прокуратуранын басма сөз кызматы билдиргендей, коррупция, мыйзамсыз баюу жана кылмыштуу кирешелерди адалдаштыруу фактылары боюнча Алмазбек Атамбаев жана Аскарбек Шадиев боюнча кылмыш иштери сотко жөнөтүлдү. Алар: мамлекетке өзгөчө оор зыян алып келген Бишкек ЖЭБди оңдоо боюнча коррупция иштери 5,5 млрд сомду чапчыйт, кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштыруу 225 млн сом жана ар кайсы компаниялардын үлүшү жана башка материалдык үлүштөр, кыймылсыз мүлктөрдү өзүнө алуу жолу менен мыйзамсыз баюу 323 млн 704 миң сомду түзөт. Чаткалдагы “Түштүк” участогунун “Терек” сурьма кенин 7231 тонна сурьма кору, 265 кг алтыны жана 4246 кг күмүшү менен мыйзамсыз басып алуунун жалпы суммасы 8 млрд 255 млн 146 миң сомду түзөт. Ошентип, А.Атамбаев жана А.Шадиев жана буларга аралашкан адамдардын мамлекетке келтирген зыяны 13 млрд 694 млн 673 миң сомдон ашык. Ушул учурда Алмазбек Атамбаевдин жана ага жакын адамдардын кылмыштуу жол менен басып алган башка активдери да изделүүдө.

Өткөн жуманын коррупцияга каршы чуулгандуу дагы бир иши – ири тоо-кен компаниясындагы жымырылган акчалар болууда. Ага мамлекеттик негизги органдар жана кызматкерлер аралашкан. Экономикалык кылмыштарга каршы күрөш боюнча мамлекеттик кызмат (Финансы полициясы) казынага 9 миллиард сомдук зыян келтирген коррупциялык схемага Социалдык фонддун жана Мамлекеттик салык кызматынын өкүлдөрү аралашкан деп шек санап, тергөө жүргүзүүдө. Медиа бул кылмыш иши «Кумтөр» компаниясына байланыштуу экенин жазып чыкты. Бул факт Кылмыштар менен жоруктардын бирдиктүү реестрине Жазык кодексинин 319-беренесинин («Коррупция») негизинде каттоого алынып, сотко чейинки териштирүү башталды.

УКМКнын Коррупцияга каршы кызматы 30-октябрда Ветеринария жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын башчысы Калысбек Жумаковду, бөлүм башчысын жана лаборатория жетекчисин УКМКнын тергөө абагына киргизди. Алар түзгөн коррупциялык схема боюнча малдын саны көбөйтүлүп жана малга берилүүчү препараттар кымбатыраак баада көрсөтүлүп келген. Мындан тышкары, мамлекеттик сатып алуулар боюнча тендерлерге башка компаниялардын катышуусуна тоскоолдук кылынган. Эсеп палатасынын аудитинин жыйынтыгында, ири мүйүздүү малга бруцеллёзго каршы вакцина алуу боюнча бир гана фактыда мамлекетке 31 миллион сом чыгым келтирилгени аныкталган.

Чүй облусунда коррупция фактысы боюнча 6 млн сомдук кылмыш иши козголду. Чүй мамадминистрациясына тиешелүү чоң гаражы менен объект 2016-жылдан бери ижарага берилип, кимдир бирөөлөр 1,5 млн сом акчаны келишимсиз жылына алып турушкан. Бирок анын электр энергиясына акча мамлекеттин эсебинен төлөнүп келген. Бул боюнча иликтөө иштери жүрүүдө.

Октябрь айындагы резонанстуу чоң иштер – Камчы Көлбаевдин жана Райымбек Матраимовдордун кармалышы болду. Өткөн жуманын аягында бир топ журналисттер Президенттин милдетин аткаруучу, Премьер-министр Садыр Жапаровго жолуктук. Ал республика боюнча бардык түрмөлөрдө майда-чүйдө иштер үчүн же жазыксыз 8-10 жылдап кесилип кеткен адамдарды бир айдын ичинде аныктап чыгып, амнистияга чыгараарын билдирди. Ал боюнча тапшырмалар берилген. Мамлекетти миллиондоп тоногондор бийликке жетип, телефон уурдагандар түрмөлөрдө көп экенин айтты.

Сымбат МАКСУТОВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛООДО КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРЛЕР ҮЧҮН ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕГИ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49, 53-беренелерин, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер берген документтердин тизмеги 1-тиркемеге ылайык жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер берген документтердин төмөнкүдөй формалары бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өз талапкерлигин көрсөтүү ниети жөнүндө талапкердин арызынын формасы (1-форма);

2) Талапкерди Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечиминин протоколунун формасы (2-форма);

3) Саясий партиядан талапкерлигин көрсөтүүгө макулдугу жөнүндө талапкердин арызынын формасы (3-форма);

4) Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө маалыматтардын формасы (4-форма);

5) Башка мамлекеттин жарандыгы бардыгы же жоктугу (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) жөнүндө жеке маалыматтарды иштеп чыгууга кат жүзүндөгү макулдугунун формасы (5-форма);

6) Шайлоого катышуудан баш тартуу жөнүндө талапкердин арызынын формасы (6-форма);

7) Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтардын формасы (7-форма).

3. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды, байкоочуларды каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер берген документтеринин төмөндөгүдөй формалары бекитилсин:

1. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө талапкердин арызынын формасы (8-форма);

2. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арыздын формасы (9-форма);

3. Ыйгарым укуктуу өкүлдү кайра чакырып алуу жөнүндө кабарламанын формасы (10-форма);

4. Ишенимдүү адамды дайындоо жөнүндө талапкердин арызынын формасы (11-форма);

5. Ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арыздын формасы (12-форма);

6. Ишенимдүү адамдарды кайра чакырып алуу жөнүндө кабарламанын формасы (13-форма);

7. Шайлоо комиссиясындагы өкүлдү дайындоо жөнүндө арыздын формасы (14-форма);

8. Өкүлдү кайра чакырып алуу жөнүндө кабарламанын формасы (15-форма).

4. 2-пункттун 1, 2, 3, 6, 7-пунктчаларында, 3-пункттун 8, 11, 13, 14, 15-пунктчаларында көрсөтүлгөн документтер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына кагаз түрүндө, ошондой эле машинада окулчу түрдө, анын ичинде “Электрондук талапкер” маалыматтык программасы аркылуу берилет.

Ушул токтом менен бекитилген машинада окулчу түрдөгү документтердин формалары талапкерлер жөнүндө шайлоочуларга маалымдоо максатында маалыматтык материалдарды түзүү үчүн, ошондой эле мыйзамдар менен бекитилген ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттешүү тутуму аркылуу талапкерлер жөнүндө маалыматтарды текшерүү үчүн пайдаланылат.

Көрсөтүлгөн формалар алынуучу сактагычта Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилет.

5. Ушул токтом “Эркин Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Төрагасынын орун басары А.Г. Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 29-октябры, №278

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 29-октябрындагы №278 токтомуна 1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилүүчү документтердин формаларынын ТИЗМЕГИ

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилүүчү документтер:

1.1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өз талапкерлигин көрсөтүү ниети жөнүндө талапкердин арызы (1-форма);

1.2. Талапкерди Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечиминин протоколу (2-форма);

1.3. Саясий партиядан талапкерлигин көрсөтүүгө макулдугу жөнүндө талапкердин арызы (3-форма);

1.4. Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө маалыматтар (4-форма);

1.5. Башка мамлекеттин жарандыгы бардыгы же жоктугу (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) жөнүндө жеке маалыматтарды иштеп чыгууга кат жүзүндөгү макулдугу (5-форма);

1.6. Шайлоого катышуудан баш тартуу жөнүндө талапкердин арызы (6-форма);

1.7. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтар (7-форма);

1.8. Талапкердин паспортунун көчүрмөсү;

1.9. Иштеген же окуган жеринен маалымкат;

1.10. Шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документ.

2. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрүүдө ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, шайлоо комиссиясындагы өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды, байкоочуларды каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилүүчү документтер:

2.1. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө талапкердин арызы (8-форма);

2.2. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арызы (9-форма);

2.3. Ыйгарым укуктуу өкүлдү кайра чакырып алуу жөнүндө кабарлама (10-форма);

2.4. Ишенимдүү адамды дайындоо жөнүндө талапкердин арызы (11-форма);

2.5. Ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызы (12-форма);

2.6. Ишенимдүү адамдарды кайра чакырып алуу жөнүндө кабарлама (13-форма);

2.7. Шайлоо комиссиясындагы өкүлдү дайындоо жөнүндө арызы (14-форма);

2.8. Өкүлдү кайра чакырып алуу жөнүндө кабарлама (15-форма).

1-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын жараны
_____
(Ф.А.А.)
_____
(туулган датасы, ишинин же
_____
кызматынын (ишинин түрү) негизги
_____
жери)
_____
(жашаган жеринин дареги, телефону)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, мен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өз талапкерлигимди көрсөтүүгө ниеттенемин, ушуга байланыштуу өзүн өзү көрсөтүү тартибинде өз талапкерлигимди көрсөтүүдөмүн.

Эгерде шайланып калсам, Кыргыз Республикасынын Президентинин статусуна айкалышпаган ишимди токтотууга милдеттенемин.

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Тиркелет:
документтер:
1. Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө;
2. Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы бардыгы же жоктугу (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) жөнүндө кат жүзүндөгү макулдугу (5-форма);
3. Паспорттун көчүрмөсү;
4. Мамлекеттик тилди “Ортодон жогору” билүү деңгээли жөнүндө сертификат.

Эскертүү: арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

2-форма

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

_____
(саясий партиянын аталышы)
ЧЕЧИМ № _____
_____
(көрсөтүү керек: кезектеги (кезексиз) съезддин
(чогулуштун, конференциянын)
_____
(өткөрүлгөн жер) (дата)

2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого катышуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна
_____
(саясий партиянын аталышы)
саясий партиясынан талапкерди көрсөтүү жөнүндө.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык жана жашыруун добуш берүүдө добуштарды саноонун натыйжалары жөнүндө эсептөө комиссиясынын протоколдорунун, ошондой эле
_____
(саясий партиянын Уставынын пункттарын көрсөтүү керек)
жоболорунун негизинде _____
(саясий партиянын аталышы)
кезектеги (кезексиз) съезди (чогулушу, конференциясы)

ЧЕЧТИ:

1. _____
(саясий партиянын аталышы)
Республикасынын Президентинин кызмат ордуна
_____
(талапкердин Ф.А.А.)
талапкер катары көрсөтүлсүн.

2. 2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген мөөнөттөрдө
_____
(саясий партиянын аталышы)
_____
Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайлоого каттоо жана катышуу үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы бардык зарыл документтер берилсин.

Добуш берүүнүн натыйжасы: “МАКУЛ” - ; “КАРШЫ” - ; “АРСАР” - ,

Съезддин (чогулуштун, конференциянын)
төрагасы _____ _____
(колу) (Ф.А.А.)
Мөөрдүн орду

Съезддин (чогулуштун, конференциянын)
катчысы _____ _____
(колу) (Ф.А.А.)

Тиркелет:
1. Талапкерлигин көрсөтүүгө макулдугу жөнүндө арыз (3-форма);
2. Саясий партиянын Уставынын жана саясий партияны мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн нотариус күбөлөндүргөн көчүрмөлөрү;
3. Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы бардыгы же жоктугу (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) жөнүндө кат жүзүндөгү макулдугу (5-форма);
4. Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө;
5. Паспорттун көчүрмөсү;
6. Мамлекеттик тилди “Ортодон жогору” билүү деңгээли жөнүндө сертификат.

Эскертүү: Талапкер жөнүндө маалыматтар кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

3-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын жараны
_____
(Ф.А.А.)
_____
(туулган датасы, ишинин же
_____
кызматынын (ишинин түрү) негизги
_____
жери)
_____
(жашаган жеринин дареги, телефону)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, мен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна _____
(саясий партиянын аталышы)
саясий партиясынан талапкерлигимди көрсөтүүгө макулдугумду беремин.

Эгерде шайланып калсам, Кыргыз Республикасынын Президентинин статусуна айкалышпаган ишимди токтотууга милдеттенемин.

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

4-форма

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө маалыматтар

Мен, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер _____
(талапкердин Ф.А.А.)

Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналарымды, менде башка мамлекеттин жарандыгы жок экендигин жоопкерчилик менен билдиремин.

Анык эмес маалымат бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө кабарландырылдым.

_____ _____
(Ф.А.А.) (колу)

20__ -ж. “_____” _____
(дата)

Эскертүү: Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө маалыматтар кагаз түрүндө берилет.

(Уландысы 6-бетте)

(Башталышы 5-бетте)

5-форма

Өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти көрсөткөндө жаракту

Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө макулдугун алуу ТАРТИБИ, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана формасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген)

Жеке маалыматтарын берүүгө жана иштетүүгө жеке маалыматтар субъектисинин макулдугунун

Калктуу конуш, дата

Мен, _____
(фамилиясы, аты, атасынын аты)
жашаган дареги _____
_____
Ким экендигин ырастаган документ: _____
(документтин түрү)
серия _____ № _____
берилген _____
(берилген күнү)
_____
(ким тарабынан берилген)
(ишенимдүү жактар үчүн)
_____ атынан иш жүргүзгөн
(фамилиясы, аты, атасынын аты)
жашаган дареги _____
Ким экендигин ырастаган документ: _____
(документтин түрү)
серия _____ № _____
берилген _____
_____
(берилген күнү)
_____
(ким тарабынан берилген)
_____ негизинде
(ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)
эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен макулдук берем _____
_____
_____
(маалыматтык системанын менчик ээси же ээлик кылуучунун аталышы, дареги, иштетүүчүнүн Ф.А.А.)

- иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз жеке маалымат массивин кармоочу (ээси) аткарган, же болбосо анын тапшырмасы менен аткарылган кандай болбосун операция же операциялардын топтому), ошондой эле:
- жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалымат массивин кармоочунун (ээси) «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүсү;
- жеке маалыматтарды трансчекаралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочунун (ээси) башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтарды берүүсү) төмөнкүдөй жеке маалыматтарды:

1. _____
2. _____
3. _____
4. _____

талап кылынган маалыматтардын тизмеги көрсөтүлөт, мисалы: фамилиясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн күнү, орду жана себептери (өзгөртүлгөн учурда); төрөлгөн күнү жана орду; жарандыгы жөнүндө маалымат (анын ичинде мурдагы жарандыгы, башка жарандыктары); билими жөнүндө маалымат (билим алган мекеменин аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, квалификациясы, даярдыктан өткөн багыты же билими жөнүндө документ боюнча адистиги); илимий даражасы жөнүндө маалымат; чет тилдерди билүүсү жөнүндө маалымат, билүү деңгээли; спорттук наамы, спорттук разряды; жашаган дареги (турган жери); байланыш телефон номери жана башка байланыштыруу ыкмалары жөнүндө маалымат; ким экендигин ырастаган документтин түрү, сериясы, номери, берген органдын аталышы, берилген күнү; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери; милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери; аскерге милдеттүүлүгү, аскердик каттоосу боюнча маалымат (запастагы жана аскер кызматына чакырыла турган жарандар үчүн); үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн курамы; эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат (аскер кызматы, айкалыштырып иштөө, ишкерлик ж.б. кошо); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары жана артыкчылык белгилери (ким жана качан сыйлаган); соттуулугу бар же жоктугу жөнүндө маалымат; киреше, чыгаша, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалымат; өз сүрөтү).

Мага мамлекеттик (муниципалдык) кызматтарды көрсөтүү максатында жогоруда аталган жеке маалыматтарды иштетүүгө берем _____
_____
(кызмат көрсөтүүнүн аталышы көрсөтүлөт)

Мен төмөнкүлөр менен таанышып чыктым:

1) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук, ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөр берилген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жаракту;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арыздын негизинде кайта сурап алууга болот;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайта сурап алынган учурда «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарымды иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга болот.

Жеке маалыматтар иштетилип башталган күн: _____
(жыл, күн, ай)

20____-ж. «____» _____

_____ _____
Колу Ф.А.А.

Эскертүү: Жеке маалыматтарын берүүгө жана иштетүүгө жеке маалыматтар субъектисинин макулдугунун формасы кагаз түрүндө берилет.

6-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
катталган талапкер
_____
(Ф.А.А.)
_____
(күбөлүк № __)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 53-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоого андан ары катышуудан баш тартам.

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)
_____
(дата)

Эскертүү: арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

7-форма

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө МААЛЫМАТТАРДЫН ФОРМАСЫ

Мен, _____
(Ф.А.А.)

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлигимди көрсөтүүгө макулдугумду беремин.

Өзүм жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды билдиремин:

Туулган жылым, айым жана күнүм _____
Туулган жерим _____
_____
Улутум _____
Жарандыгым _____
Паспорт: сериясы, номуру, ким тарабынан берилген, берүү датасы
_____
ПИН _____
Башка мамлекеттин жарандыгы бар, жоктугу (Бар/Жок) _____
_____
(эгерде мурда башка мамлекеттин жарандыгы бар болсо: кайсыл мамлекет экендигин, жарандыкты алган жана жарандыктан чыккан датаны көрсөтүү керек)
Кыргыз Республикасында жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашагандыгы (Ооба/Жок) _____
Соттолгондугу (Ооба/Жок) _____ (эгерде мурда соттолгондугу бар болсо, КР ЖКнын беренеси, аткарылган жана жоюлган датаны көрсөтүү керек)
Саясий партияга таандыгы _____
Билими _____
_____
(окуу жайынын аталышы жана турган жери)
Окумуштуулук даражасы _____
Мамлекеттик тилди билүүсү _____
(толук билем, оюмду түшүндүрө алам, билбейм)
Эмгек жолу:

Ай жана жыл		Мекеменин, уюмдун, ишкананын аталышы	Ээлеген кызмат орду
киришкендиги	бошогондугу		

Жашаган жеринин дареги_____
Байланыш телефону _____
Толтурган датасы _____
Маалыматтардын аныктыгын ырастаймын _____
(өз колу)

Эскертүү: Талапкер жөнүндө маалыматтар кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

8-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
_____
(талапкердин Ф.А.А.)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө ылайык, мен дайындаган, Кыргыз Республикасынын төмөндө саналган жарандарын менин шайлоого катышуума байланыштуу маселелер боюнча жана финансы документтерине кол коюу укугу менен каржы маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр катары каттоону өтүнөм:

№	ПИН	Берилүүчү ыйгарым укуктар	Ф.А.А. (толук)	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу документтин сериясы, номуру жана ал берилген дата	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	телефон номуру
1								
2								

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)
_____
(дата)

Тиркеме: саналган ар бир адамдын ыйгарым укуктуу өкүл катары иш аткарууга кат жүзүндөгү макулдугу.

Эскертүү: Арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

(Уландысы 7-бетте)

(Башталышы 6-бетте)

9-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасына
_____
(Ф.А.А.)
_____
(туулган датасы, паспортунун сериясы,
_____
номуру, ким тарабынан берилген, берүү
_____
датасы, жашаган жеринин дареги,
_____
ишинин же
_____
кызматынын негизги
_____
жери (ишинин же
_____
кызматынын негизги
_____
жери жок болсо – ишинин түрү))
_____
(телефон номуру)
_____

АРЫЗ

Мен,_____
(Ф.А.А.)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 7-бөлүгүндө каралган Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайлоого көмөктөшүүчү ишти аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер _____
_____
(талапкердин Ф.А.А.)

шайлоо/каржы (керектүүсүнүн алдын сызуу зарыл) маселелери ыйгарым укуктуу өкүл болууга макулдугумду беремин.

_____ _____
(колу) (ыйгарым укуктуу өкүлдүн Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Арыз кагаз түрүндө берилет.

10-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
талапкер
_____
(Ф.А.А.)
_____

КАБАРЛАМА

Мен, _____
(талапкердин Ф.А.А.)

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер өзүмдүн шайлоо/каржы (керектүүсүнүн алдын сызуу зарыл) маселелери ыйгарым укуктуу өкүлүм _____
_____
(ыйгарым укуктуу өкүлдүн Ф.А.А.)

кайра чакырып алуудамын.

_____ _____
(талапкердин колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Кабарлама кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

11-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
талапкер
_____
(талапкердин Ф.А.А.)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын төмөндө саналган жарандарын менин шайлоого катышуума байланыштуу маселелер боюнча мен дайындаган ишенимдүү адамдар катары каттоону өтүнөм:

№	ПИН	Берилүүчү ыйгарым укуктар	Ф.А.А. (толук)	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу документтин сериясы, номуру жана ал берилген дата	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	телефон номуру
1								
2								
3								
4								

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Тиркеме: жарандын өзүнүн ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызы.

Эскертүү: Арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

12-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасына
_____
(Ф.А.А.
_____
туулган датасы,
_____
ишинин же кызматынын
_____
негизги жери, ээлеген кызматы
_____
жашаган жеринин дареги)

АРЫЗ

Мен, _____
(Ф.А.А.)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесинин 5-бөлүгүндө каралган Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайлоого көмөктөшүүчү үгүт жана башка ишти аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер
_____
(талапкердин Ф.А.А.)

ишенимдүү адамы болууга макулдугумду беремин.

_____ _____
(колу) (ишенимдүү адамдын Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Арыз кагаз түрүндө берилет.

13-форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясына
Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
талапкер
_____
(талапкердин Ф.А.А.)
_____

КАБАРЛАМА

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык мен дайындаган ишенимдүү адамым _____
_____
(ишенимдүү адамдын Ф.А.А.)

кайра чакырып алуудамын, ошондой эле 20__-жылдын “____” _____ ага берилген №___ күбөлүктү жокко чыгарууну өтүнөм.

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Кабарлама кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

14-форма

_____
(участкалык, аймактык,
_____
Борбордук шайлоо комиссиясына)

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
катталган талапкер
_____
(Ф.А.А., күбөлүк № __)
_____

АРЫЗ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, _____
_____
(Борбордук, аймактык, № _____ участкалык) шайлоо комиссиясына өзүмдүн өкүлүм катары төмөнкүлөрдү дайындаганымды билдирем:

№	ПИН	Берилүүчү ыйгарым укуктар	Ф.А.А. (толук)	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу документтин сериясы, номуру жана ал берилген дата	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	телефон номуру
1								
2								
3								
4								

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Арыз кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

15-форма

_____
(участкалык, аймактык,
_____
Борбордук шайлоо комиссиясына)

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна
катталган талапкер
_____
(Ф.А.А., күбөлүк № __)
_____

КАБАРЛАМА

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, _____
(участкалык, аймактык, Борбордук) шайлоо комиссиясына мен дайындаган өкүлүм _____
_____
(талапкердин өкүлүнүн Ф.А.А.)

_____ _____
(колу) (талапкердин Ф.А.А.)

_____
(дата)

Эскертүү: Кабарлама кагаз жана машинада окулчу түрлөрүндө берилет.

мамлекеттик расмий гезити Эркин Тоо

Санариптештирүү үзүрү

КАРАЙЛАТКАН КАРАНТИН УЧУРУНДА ДА ИШТЕРИ ИЛГЕРИЛЕП ТУРГАН

Бирин бири кайталаган кызматтарды ылайыгына жараша кыскартуу менен оптималдаштырууга кылчактабай барышып, заманбап талапка жараша санариптештирүүгө өтүү мүмкүнчүлүгүн биринчилерден болуп колго алган мекеме-ишканалардын иштери илгерилеп, кандай гана кыйын кырдаал кырданбасын оорчулукка анчалык моюн сунушпады. Демек, "Санариптештирүү жана санариптештирүү!" ураанын иш жүзүндө аткара берүүгө белсене берүү милдетибиз, түбөлүк кенч-энчибиз! Мындай мыкты мекемелердин катарында Чүй регионалдык шааркурулушу жана архитектура боюнча башкармалыгы турат. Башкармалыктын башчысы Мырзакулов Мелис Токтогуловичтин, бүткүл башкармалыктын бөлүм башчыларынын, алдыңкы кызматкерлеринин эмгектери, мээнеттери теңдешсиз.

Кечээги санарипсиз учурда алакандай тил катты (арыз-муңдарды) каттатуу үчүн жол азабын чегишип, мекемеге байма-бай келишип, нечен кабинеттердин эшигин чертишип, кезектерди саргайышып күтүшүп, колдорунда сүрсүгөн иш-кагаздарын тийиштүү бөлүмдөргө беришкен соң, суроо-талаптарына оңдуу жоопторду алуу машакатынын күн эсеби бери эле дегенде жумалап созулуп кетүүчү. Иш кагаздардын көптүгүнөн, кол тамгаларды койдуруу механизмдеринин татаалдыгынан кардарлар чарчап-чаалыгып узашчу. Иштин узак процесстери жетекчилерди да, келген кардарларды да убакыт жагынан уттуруп, тушап туруучу. А, бүгүн шүгүр дейли, санариптештирүү үзүрүн берип аталган мекеменин эшигин черткендер сейрек.

Начальниктин орун басары Чыңгыз Кубанычбеков

Кадр бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Бегайым Асеева

Себеп, "Инфоком" МИ тарабынан иштелип чыккан Infodocs кызматын 2020-жылдан тарта ишке киргизишкен. Бул кызматтын артыкчылыгы мурдагыдай убакытты кармабайт. Иш кагаздардын дээрлик бардык кыймыл-аракеттери электрондук нук менен тез арада теске салынат. Эң башкысы, келген кардарлардын эле эмес, жетекчилердин да иши жеңилдейт.

"Инфоком" МИнин дагы бир "Е-кызматы" тууралуу айтсак, мында толук кадр маселелери электрондошкон. Ар бир кызматкердин жеке маалыматы, стажы жана башка бардык кошумча маалыматтар камтылган. Аталган санариптештирүү кызматтарынын артыкчылыктары – бардык тийиштүү отчёттор электрондук нук менен тез сакталат.

Чүй регионалдык шааркурулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынын башчысынын орун басары Чыңгыз Кубанычбекович менен маектешип жатып: "Бүткүл дүйнөнү дүрбөлөңгө салган COVID-19дун айынан иш пландарыбыз толук кандуу аткарылбай кечеңдедик" деп кейий баштайт чыгаар деп турат элем. "Карайлаткан карантин учурунда да иштерибизди онлайн режими менен аткарып, 9 айлык план-милдеттенмелерибизди ашыгы менен аткардык" дегенде, албетте, санариптештирүү саамалыгынын артыкчылыгына жана бир ирет тан бердим. Ток этээри, 9 айлык план-милдеттенмелерин ашыгы менен 111 пайызга аткарышкан.

"Бирдиктүү терезе" бөлүмүнүн башчысы Куттугүл Жакыпбекова

Чүй регионалдык шааркурулушу жана архитектура боюнча башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-январындагы №12 токтому менен бекитилген Жобонун негизинде иштерин жүргүзүшөт. Жобого ылайык мүлк объектилерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүлөргө уруксат берүү иш кагаздарын кабыл алуу, кароо жана берүү жолдору "Бирдиктүү терезенин" программасы боюнча ачык-айкындыкта илгерилейт. "Бирдиктүү терезенин" бардык кыймылын тегиз чагылдыруу мүмкүн эмес. Эң башкысы арыз ээлеринен нааразычылыктар жокко эсе.

Башкармалыктын жүргүзүп жаткан иштеринин башатында айылдардын башкы пландарын түзүү максаттары туруп келген. Башкы плансыз баш аламандык менен курулган айыл-кыштактар келечексиз экендигин турмуш ырастоодо. Бул багытта бардык райондук башкармалыктарда иштер жанданган. Ал эми Аламүдүн району республикада эң биринчилерден болуп 2006-жылдан баштап райондун калктуу конуштарынын башкы пландарын Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы, айыл аймактары менен бирдикте жаңырта баштаган. Айталык, Мраморное, Лесхоз, МТФ-2, Гроздь, Бирдик, Жогорку Ат-Башы, Арашан, Таш-Дөбө, Васильевка, Виноградное, Полевое, Привольное, Байтик, Арчалы, Көк-Жар, Ленинское, Мыкан, Константиновка, Луговое, Төмөнкү-Аларча, Аламүдүн, Садовое, Лебединовка, Восток, Дачное, Маевка, Кайырма (Ак-Дөбө), Кара-Жыгач айылдарынын башкы пландары бүткөрүлүүдө.

Ал эми 8 калктуу конуштардын башкы пландары иштелип бүтүү этабында, алар: Кашка-Суу, Пригородное, Степное, Озерное, Достук, Башкарасуу, Байгелди жана Кайырма айылдары.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2017-жылдын 16-ноябрындагы №264 буйругунун негизинде, Чүй облусунун 2018–2025-жылдарга карата калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасы аткарылууда. Ошондой эле Чүй регионалдык башкармалыгы бардык райондук башкармалыктар менен биргеликте мамлекеттик долбоорлоо институту менен тыгыз иштешип жатат.

Бир сөз менен айтканда санариптештирүү талабына шайкеш иштерди жүргүзүшүп, кыйын учурга карашпай шаар куруу саясатынын саатын чыгарууга бардык аракеттерин жумшашууда.

Айчүрөк МАКЕШОВА

Архитектура-дизайнердик устаканасынын башчысы Улан Талантбеков

"Бишкек – Ташкент автожолунун 91,5 чакырымында Чалдовар айылында жана "Канат – Ак-Тилек автожол" автожолу боюнча Бирдик айыл өкмөтүндө товарларды эсепке алуу пункту" долбоору

Адамдык бийиктик, чыгармачылык тереңдик

Ушул жумада Кыргыз эл акыны, драматург, прозаик, котормочу, публицист Эрнис Турсуновдун 85 жылдыгына арналган иш-чаралар өткөрүлдү. Адегенде ал жашаган үйүнүн бооруна такта илинди. Андан соң адабият тармагындагы окумуштуулар, акын-жазуучулар А.Осмонов атындагы Улуттук китепканада акын-жазуучуга арналган илимий конференцияга чогулушту.

Эрнис Турсунов мектепти бүткөн соң Москвадагы Ломоносов атындагы университетте окуп, Бишкектеги Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган. Маданият министрлигинин искусство иштери боюнча башкармасынын жетекчисинин орун басары, “Кыргызфильмде” ага редактор, Кыргызстандын, Тажикстандын алыскы мектептеринде орус, кыргыз тилдери боюнча мугалим, “Ала Тоо” журналында адабий кызматкер, телерадио комитетинде редактор, драмтеатрдын адабий бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеген көп жылдык чыгармачылык ишинде кыргыз элине поэзия, проза жана драма жанрында абдан көп чыгармаларды жазган. “Гүл”, “Булбул”, “Жигиттер”, “Бийиктик”, “Чексиз сүйүү” ырлар жыйнактары жана “Бадахшан”, “Ата Журт”, “Таттыбүбү”, “Жоомарт Бөкөнбаев”, “Балбай”, “Ажал айтып келбейт”, “Автопортрет”, “Боронбай”, “Биздин замандын баатыры”, “Эл душманы” проза жана тарыхый романдарды чыгарган.

Эрнис Турсуновдун чыгармачылыктагы өзгөчө белгилеп айтчу чоң эмгеги – котормочулугу. Дүйнөлүк жана орус классиктеринин чыгармаларынын чебер котормочусу катары А.С.Пушкиндин, А.Н.Некрасовдун, Шекспирдин, С.Есениндин, Р.Гамзатовдун, Сервантестин, Н.Хикметтин, Брехтин, Рудаки, Камюнун чыгармаларын, мусулмандардын ыйык “Куран” жана христиандардын “Библия” китептерин кыргызчага которгон. Акын-жазуучунун 80 жылдык маракесинде алыскы Бельгияда жашаган Пушкиндин тукумунан Александр Пушкиндин чыгармаларын кыргыз тилине которгондугу үчүн ыраазычылык билдирген кат келген эле. Ал Кыргызстанда жалгыз “Пушкиновед” деп айтылып келатат, анткени Пушкиндин ырларын, поэмаларын, ыр менен жазылган драмаларын, жомокторун мынчалык көркөм жана так кыргыз тилине которгондор жокко эсе. “Биздин радиотеатр” аттуу радио уктуруулардан, классикалык көркөм чыгармаларды фондуга жаздырган. Кыргыз адабиятына, маданиятына сиңирген эмгеги үчүн ага КР эл акыны, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамдары берилген.

Эрнис Турсуновду эскерүүгө академиктер Абдылдажан Акматалиев, Осмонакун Ибраимов, жазуучу Калканбай Ашымбаев, акындар Асан Жакшылыков, Меңди Мамазаирова, Тазагүл Закирова, ырчы Дариха Жалгасынова сыяктуу көптөгөн замандаштары катышты. Эскерүү иш-чараны Эрнис Турсуновдун кызы Рахат жана уулу Канат Турсуновдор уюштурушту. Алар атасынын өмүрүнүн акырында иштеп кеткен мурастарын чогултуп, “Хан-Теңир”, “Кыдыр аке баяны”, “Муктаждык” проза китептерин чыгарышкан. Белгилүү акын, жазуучу жөнүндө жаңы табылгалар айтылды.

Уулу Канат ТУРСУНОВ:

- Бизди апам тарбиялады. Атам балдар ишине анча аралашкан жок. Чыгарма жазаарда өзгөчө эргүүсү Ысык-Көлдө болчу. Айылда санжырачылар, айыл аксакалдары менен көп баарлашчу. Атам операларды, анын либреттолорун көп жазды. Мисалы, “Олжобай менен Кишимжан”, “Жусуп Баласагын”, “Балбай баатыр”, “Бурулчанын селкинчек” музыкалык операларын жазды. Ал адабияттын бардык жанрларын билген, анда иштей алган адам болчу. Бизге ал “колуңардан келсе маданиятка жана саясатка барбай эле койгула”, - дечү. Мен өзгөчө апама ыраазычылык билдиргим келет. Атамдын кыялына чыдап, чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүп, анын досторун, туугандарын сыйлап, кыскасы жазуучуну багып, атамды Эрнис Турсунов кылган Жамила апам деп айткым келет. Биз беш бир тууганбыз. Атам кайтыш болгондон кийин эки китепти чыгардык, дагы көптөгөн кол жазмалары калды. Көбүнчө котормолор экен. Петр Ершовдун жомокторун, Пушкиндин “Руслан жана Людмила” ыр түрүндөгү жомогун, Карней Чуковскийдин “Мойдодыр” жана балдарга арналган ырларын, Евгений Суховдун “Сталиндин өлтүрүлүшү”деген романын, Сергей Михалковдун балдар ырларын которуптур. Дагы абдан көп. Өмүрүнүн акыркы жылдары абдан көп иштеген.

Адабият изилдөөчү, академик Осмонакун ИБРАИМОВ:

- Бул киши кызматка барбай, өмүр бою чыгармаларды жазып, которуп, китептерди чыгарып, өмүрүнүн акырына чейин калеми менен тынбай иштеди. Өтө профессионал жазуучу болчу. Котормодо ага жеткен киши боло элек. Акын катары улуу лирик деп айта алам. Мынчалык оргуштап, жүрөгүнүн ар бир клеткасын дирилдетип жазган лирик акын Эрнис Турсунов болгон. Ал адабият, маданият, театр, музыкада сууда сүзгөн балыктай эле эркин сүзө алчу. Баарыбыз эле маданиятта жүрөбүз, бирок бул кишидей органикалык берилип жашаган киши аз. Салижан Жигитов менен Эрнис Турсунов кайталанбай турган инсандар. Адабияттын турмушу менен жашаган, адамгерчиликке, достукка табылгыс эле. Котормочулугу эми укмуш. Пушкиндин “Евгений Онегинин” кыргыздан үч адам: тээ илгери Касымалы Баялинов, кийинчерээк Алыкул Осмонов, бул заманда Эрнис Турсунов которгон. Мен ушул котормолор боюнча изилдөө жүргүздүм. Эми Эрнис Турсуновдукуна эч кимдики жетпейт. Аны туу чокуга жеткирген. Чыгарманын муунун муунга, сабын сапка кынаптап, маанисин чыгарган. Анда Пушкин көрүнүп турат. Некрасовдун “Кому на Руси жить хорошо?” деген чыгармасын которгонун окуп таң каласың. Мындай нерсени кайталаш өтө кыйын.

Коомдук ишмер Кулубек БӨКӨНБАЕВ:

- Эрнис Турсунов кыргыз адабиятына, маданиятына чоң салымы бар уникалдуу адам. Ал салым гана кошпостон, кыргыз адабиятын дүйнөлүк адабияттарга салыштырып, терең изилдеген. 2000-жылы ал менин атам жөнүндө “Жоомарт – бөтөнчө инсан” деген китебин чыгарыптыр. Аны окуп алып, абдан таң калдым. Поэзияны, прозаны, адамдын өзүн терең түшүнө билген. Таланттуу адамды таланттуу адам гана жакшы түшүнөт. Эрнис Турсунов адабиятта эбегейсиз эмгек жасаган инсан.

Кыргыз эл артисти Дариха ЖАЛГАСЫНОВА:

- Эрнис Турсуновдо адамдык бийиктик, чыгармачылык тереңдик бар эле. Бул киши операларга либретто жазган адам. Мен 1978-жылдан симфониялык оркестрде, опера-балетте ырдап баштап, көп жыл иштедим. Москвадан консерваторияны бүтүргөм. Кийин телевидениеде “Дариханын музыкалык өргөөсү” берүүсүн 5 жыл, “Мезгил жана музыка” деген берүүнү 4 жыл алып бардым. Анда Эрнис Турсунов “Асылдар ааламы” деген берүүнү алып барчу. Кийин ал “искусствонун залкарлары жөнүндө көп айттың, мен драмтеатрда көп иштегем, мен ошол жакты жазайын, сен операны жаз, китеп кылалы” деген сунушун айтты. Агай менен 3 жыл иштеп отуруп “Триумф жана трагедия” деген 500 беттен турган китепти жаздык. Ага агай чоң баа берди. Мунун мааниси – искусстводо дайыма триумфта жүргөн адамдардын тагдыры трагедия менен бүткөндүгү жөнүндө. Бизде андай адамдар өтө көп. Эрнис агай дайыма тегерегине замандаштарын чогултуп алчу. Кусейин Эркинбаев деген театрдын мыкты режиссеру, опера ырчысы Кайыргүл Сартпаева, эл акыны Гүлсайра Момунова жана мени чогултуп алып, Ысык-Көлдөгү үйүнө алып бараар эле. Ошондо бул кишинин кандай бийик, таза, залкар адам экенин аралашып жүрүп билдик. Кемпири Жамийла өзүнө окшогон көлдөй адам эле. Жылыга алып барып коюн союп, искусствону сыйлаарын билдирчү.

Коомдук ишмер, профессор Ишенгүл БОЛЖУРОВА:

- Эрнис Турсуновдун азыр замандаштары отурабыз. Замандаштары ал жөнүндө эмне деп айтышат, көзүнүн тирүүсүндө сөздөрүн жаздырып калыш керек. Интеллигенциянын өңү кандай болот десе – Эрнис Турсуновдун жашоо образы дал келет. Ал акын, жазуучу, сценарист, котормочу, адабий изилдөөчү. Эгер илимге киришсе, илимдин доктору, академик болмок. Ал чыгыштын атактуу акыны, кытайлар мактанган Ли Байдын ырларын кыргызчага эркин, мыкты которгон. Эрнис Турсуновдун жаркын элесине арналган эстелик турса деп ойлойм.

Коомдук ишмер Нуркан ТУРСУНБАЕВ:

- Эрнис Турсунов “Таттыбүбү” деген поэма жазган. Шартка байланыштуу азыр чыга элек. Эрнистей акын, жазуучуну Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүнөн табыш кыйын. Акындын көрөгөчтүгү, билгичтиги, аң-сезими күчтүү эле. Көзү өтөөрүнө аз калганда акын агабыз Таттыбүбү жөнүндө бир макала жазды. Биз көлдөн келатсак, улам чалып “кайда келатасыңар, түз келгиле, ушул макаланы берип калайын” деп сурап турду. Таттыбүбү Турсунбаеванын 70 жылдыгына карата эстелигинин ачылышына катышып калды. Ал киши көзү өткөнчө бийик энергиясы менен тынбай жазып отурду.

Акын-жазуучунун бай мурасын айтып бүтүү мүмкүн эместей. Өмүр бою колунан калем түшпөй, жазуу, которуу менен отурган улуу инсандын экинчи өмүрү эми башталып отургандай. Кыргыз адабияты анын чыгармаларын кенен изилдөөгө муктаж.

Сымбат МАКСУТОВА

2021-ЖЫЛДЫН 10-ЯНВАРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДООГО ЖАНА ӨТКӨРҮҮГӨ ЧЫГЫМДАРДЫН СМЕТАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 24-октябрындагы №263 токтомунун негизинде, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 40, 48-беренелерин, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 11, 12-пункттарын, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11, 22-пункттарын, 21-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктун, 2, 11, 12-пункттарын, 25-беренесинин 1-3, 6-9, 11-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасы 549 161 100 (беш жүз кырк тогуз миллион бир жүз алтымыш бир миң бир жүз) сом суммасында бекитилсин (№1 тиркеме), анын ичинде:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдарынын сметасын, анын ичинде 2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө зарыл болгон борборлоштурулган сатып алууларды шайлоо комиссияларынын жүзөгө ашыруусу үчүн каражаттарды (№2 тиркеме);

2) 2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө төмөн турган (аймактык жана участкалык) шайлоо комиссияларынын чыгымдарынын сметасын (№3 тиркеме).

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ушул токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды бөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын пландоо, эсеп, отчеттуулук бөлүмү Финансы министрлиги менен өз ара аракеттешип, бекитилген сметага ылайык Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүнү финансылоону уюштурсун, бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарын тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына бөлүштүрүүнү камсыздасын.

4. Аймактык шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарын тиешелүү участкалык шайлоо комиссияларына бөлүштүрүүнү камсыздасын, бекитилген сметага ылайык аларды финансылык жактан камсыздоону уюштурсун жана ал каражаттардын максаттуу пайдаланылышын камсыздоого контроль жүргүзсүн.

5. Шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө акча каражаттарын бөлүнгөн каражаттардын чегинде бекитилген сметага ылайык чыгымдайт.

6. Аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын төрагалары акча каражаттарын тескешет, финансы документтеринин шайлоо комиссияларынын финансы маселелери боюнча чечимдерине ылайыктуулугу жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына финансылык отчетторду мыйзамда белгиленген мөөнөттө жана тартипте берүү үчүн жоопкерчилик тартышат.

7. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобу Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн шайлоо комиссияларына бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарынын максаттуу пайдаланылышына контроль жүргүзсүн.

8. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине жөнөтүлсүн.

9. Бул токтом "Эркин Тоо" газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

10. Бул токтомдун аткарылышын контролдук жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 26-октябры, №268

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН АТАЙЫН ЭСЕБИН АЧУУ ҮЧҮН БАНК МЕКЕМЕЛЕРИН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын «Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жөнүндө» 2020-жылдын 24-октябрындагы №263 токтомунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 41-беренесинин 6-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. «РСК Банк» ААКсы жана «Айыл Банк» ААКсы Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу үчүн банк мекемелери болуп аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу Көзөмөлдөө-текшерүү тобу ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык көрсүн.

3. Ушул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу Көзөмөлдөө-текшерүү топтун жетекчисине Г.М.Баатыровага жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 25-октябры, №269

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН МЭРИН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2020-жылдын 26-октябрындагы №519 буйругу менен Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын мэри Тагаев Мураталы Абдыкадырович өзү берген арызынын негизинде ээлеген кызматынан бошотулган. «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Шаардын мэрин шайлоо тартиби жөнүндө» жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын мэрин шайлоо 2020-жылдын 17-ноябрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.

2. Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин сакталышы менен (1,5-2 метр аралыкты сактоону камсыздоо жана контролдоо, бир жолку бет каптарды колдонуу, дезинфекциялоочу эритмелер, спирт камтылган антисептик менен колду тазалоо) өткөрүүнү уюштурсун.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 29-октябры, №277

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН СУЗАК РАЙОНУНУН БАРПЫ, КӨК-АРТ АЙЫЛ ӨКМӨТТӨРҮНҮН БАШЧЫЛАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Жалал-Абад облусунун Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акиминин 2020-жылдын 22-октябрындагы №99-к буйругу менен Барпы айыл өкмөтүнүн башчысы Сыргабаев Абсаттар Токтогулович өзү берген арызынын негизинде ээлеген кызматынан бошотулган.

Жалал-Абад облусунун Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акиминин 2020-жылдын 27-октябрындагы №100-к буйругу менен Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысы Кулматов Эделбек Маматкулович өзү берген арызынын негизинде ээлеген кызматынан бошотулган.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо 2020-жылдын 17-ноябрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.

2. Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо 2020-жылдын 18-ноябрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.

3. Сузак аймактык шайлоо комиссиясы шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин сакталышы менен (1,5-2 метр аралыкты сактоону камсыздоо жана контролдоо, бир жолку бет каптарды колдонуу, дезинфекциялоочу эритмелер, спирт камтылган антисептик менен колдорду тазалоо) өткөрүүнү уюштурсун.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 31-октябры, №280

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН ДЕПУТАТТЫК МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ АЛАМҮДҮН, ЖАЙЫЛ, НАРЫН ШААРДЫК, БАТКЕН ШААРДЫК, СУЗАК ЖАНА ТҮП АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык Аламүдүн, Жайыл, Нарын шаардык, Баткен шаардык, Сузак жана Түп аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жана бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге жана саясий партиялардын катталган тизмесиндеги шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алышкан.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 18-беренелерине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Аламүдүн, Жайыл, Нарын шаардык, Баткен шаардык, Сузак жана Түп аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечимдери бекитилсин.

2. Баткен шаардык жана Түп аймактык шайлоо комиссияларынын 2-тиркемеде көрсөтүлгөн катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу боюнча чечими бекитилсин.

3. Аламүдүн, Жайыл, Нарын шаардык, Баткен шаардык, Сузак жана Түп аймактык шайлоо комиссияларынын 3-тиркемеде көрсөтүлгөн бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге жана саясий партиялардын катталган тизмесиндеги шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери бекитилсин.

4. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү, ушул токтом жарыяланган күндөн тартып жараксыз деп таанылсын.

5. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

6. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

7. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 31-октябры, №281

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 31-октябрындагы №281 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы
Чүй облусу				
Аламүдүн району				
1	Лебединовка айылдык	Асанбеков Мурсалы Токтогазиевич	Каза болгонуна байланыштуу	№35, 19.09.2020-жылы
Жайыл району				
2	Кара-Суу айылдык	Миссиркулов Эсенкан Каналбекович	Каза болгонуна байланыштуу	№16, 28.10.2020-жылы
3	Красный Восток айылдык	Закиров Бактыбек Кокумбаевич	Каза болгонуна байланыштуу	№16, 28.10.2020-жылы
Нарын облусу				
Нарын шаары				
4	Нарын шаардык	Калмамбетова Анаркүл Кыдыковна (№3) (“Ала-Тоо ынтымагы” деп.фракциясы)	Өз арызы	№15, 23.10.2020-жылы
Баткен облусу				
Баткен шаары				
5	Баткен шаардык	Амирова Улукбубу Аскаралиевна (№6) (“КСДП” деп. фракциясы)	Каза болгонуна байланыштуу	№7, 29.10.2020-жылы
6		Ахмедова Чынара Мамедовна (№3) (“КСДП” деп. фракциясы)	Өз арызы	№7, 29.10.2020-жылы
Жалал-Абад облусу				
Сузак району				
7	Ырыс айылдык	Камчиев Зохиджон Омарович	Өз арызы	№37, 26.10.2020-жылы
Ысык-Көл облусу				
Түп району				
8	Балбай айылдык	Шаймолдоева Роза Шаршекеевна	Каза болгонуна байланыштуу	№29, 27.10.2020-жылы

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 31-октябрындагы №281 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына саясий партиялардын катталган талапкерлеринин тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А.	Негиз	Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечими
Баткен облусу				
Баткен шаары				
1	Баткен шаардык	Гапарова Максудахан Миңбаевна (№19) («КСДП» с/п)	Өз арызы	№7, 29.10.2020-жылы
Ысык-Көл облусу				
Түп району				
2	Балбай айылдык	Калыков Акылбек Дюшембекович	Өз арызы	№30, 27.10.2020-жылы
3		Байтереков Оболбек Мукатович	Өз арызы	№30, 27.10.2020-жылы

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 31-октябрындагы №281 токтомунун 3-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Чүй облусу				
Аламүдүн району				
1	Лебединовка айылдык	Айбеков Эмил Бердибекович	Энергетика тармагында коррупциянын алдын алуу боюнча атайын ыйгарым укуктуу өкүлү	№36, 19.09.2020-жылы
Жайыл району				
2	Кара-Суу айылдык	Шакирова Чинара Макеналиевна	ФАП дарыгер	№17, 28.10.2020-жылы
3	Красный Восток айылдык	Кожоналиев Джапарбек Кубанычбекович	Убактылуу иштебейт	№17, 28.10.2020-жылы
Нарын облусу				
Нарын шаары				
4	Нарын шаардык	Турдалиева Рыскул Муратовна (№11) (“Ала-Тоо ынтымагы с/п”)	Нарын облустук билим берүү борборунда директордун орун басары	№16, 28.10.2020-жылы
Баткен облусу				
Баткен шаары				
5	Баткен шаардык	Салиева Гулмира Боруевна (№21) («КСДП» с/п)	С. Айтматов атындагы орто мектеби, мугалим	№7, 29.10.2020-жылы
6		Абдырахманова Перизат Абдиевна (№18) («КСДП» с/п)	Жеке ишкер	№7, 29.10.2020-жылы
Жалал-Абад облусу				
Сузак району				
7	Ырыс айылдык	Нусубалиев Кенешбек Акимжанович	Жеке ишкер	№38, 26.10.2020-жылы
Ысык-Көл облусу				
Түп району				
8	Балбай айылдык	Муздабаев Абдысалам Мамбетжанович	Убактылуу иштебейт	№30, 27.10.2020-жылы

«ОПТИМА БАНК»
ачык акционердик коому

2020-жылдын 29-октябрындагы Директорлор кеңешинин №10 токтомуна ылайык "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын курамы жаңы мөөнөткө кайра шайлангандыгын маалымдайт.

"Оптима Банк" ААКнын Директорлор кеңешин ачык шайлоонун жыйынтыгынын чечими:

1. "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын сандык курамынын мүчөсү 5 (беш) кишиден, укуктары менен 2020-жылдын 30-октябрынан тартып 2023-жылдын 30-октябрына чейинки мөөнөттү (кошкондо) үч жылга аныктасын.
2. "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгы төмөндөгүдөй курамда шайлансын:
   1. Капышев Бейбут Сапаргалиевич – "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын төрагасы;
   2. Дыйканов Рустам Анатаевич, "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын төрагасынын орун басары, башкармалыктын мүчөсү катары;
   3. Курманбеков Бакыт Джанышбекович, "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын төрагасынын орун басары, башкармалыктын мүчөсү катары;
   4. Турбатов Руслан Радмирович, башкармалыктын төрагасынын орун басары, башкармалыктын мүчөсү катары;
   5. Волков Евгений Владимирович, башкармалыктын төрагасынын орун басары, банк башкармалыгынын мүчөсү катары.

Optima Bank С-468

Настоящим

Открытое акционерное общество
«ОПТИМА БАНК»

сообщает о том, что в соответствии с протоколом Совета директоров №10 от 29 октября 2020 г. был переизбран состав Правления ОАО «Оптима Банк» на новый срок.

По итогам очного голосования Совет директоров ОАО «Оптима Банк» РЕШИЛ:

1. Определить количественный состав Правления ОАО «Оптима Банк» в количестве 5 (пять) членов со сроком полномочий с 30 октября 2020 года по 30 октября 2023 года (включительно), на три года.
2. Избрать в состав Правления ОАО «Оптима Банк»:
   1. Капышева Бейбута Сапаргалиевича - Председателем Правления ОАО «Оптима Банк»;
   2. Дыйканова Рустама Анатаевича, Заместителя председателя Правления в качестве члена Правления ОАО «Оптима Банк»;
   3. Курманбекова Бакыта Джанышбековича, Заместителя председателя Правления в качестве члена Правления ОАО «Оптима Банк»;
   4. Турбатова Руслана Радмировича, Заместителя председателя Правления в качестве члена Правления ОАО «Оптима Банк»;
   5. Волкова Евгения Владимировича, Заместителя председателя Правления в качестве члена Правления Банка.

СООБЩЕНИЕ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ

Советом директоров
ОАО «МЕЖДУНАРОДНЫЙ АЭРОПОРТ «МАНАС»

30 октября 2020 года приняты следующие решения:

- досрочно прекратить полномочия заместителя председателя Правления ОАО «МАМ» Саткеева Болота Джантайбековича согласно поданного заявления об освобождении от должности по собственному желанию;

- избрать членом Правления ОАО «МАМ» Орозганова Алмаза Тилековича.

С-821

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ОХРАНЫ ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ И ЛЕСНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОБЪЯВЛЯЕТ РЕЗУЛЬТАТЫ КОНКУРСА,
